DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 10, 2019

*Абдуллаев Р.М., Сайдалиев М.Дж., Дехконов У.А.*

# ЖУСУП БАЛАСАГЫНДЫН «КУТТУУ БИЛИМ» ДАСТАНЫ – ТАРБИЯЛООНУН БУЛАГЫ

*Абдуллаев Р.М., Сайдалиев М.Дж., Дехконов У.А.*

# ПОЭМА ЖУСУПА БАЛАСАГЫНА БЛАГОДАТНОЕ ЗНАНИЕ – ИСТОЧНИК ВОСПИТАНИЯ

*R.M. Abdullaev, M.Dzh. Saydaliev, U.A. Dekhkonov*

# ZHUSUP BALASAGYN'S POEM GRACIOUS KNOWLEDGE – THE SOURCE OF EDUCATION

*УДК: 37.013*

*Бул макалада Жусуп Баласагындын “Куттуу билим” чыгармасы жана андагы тил маселеси, тарбия, айрыкча уул-кыз тарбиясы, илим-билим жөнүндө ойлору, анын азыркы күндө дагы маанилүүлүгү жөнүндө баяндалат. Жусуп Баласагындын “Куттуу билим” чыгармасындагы педагогикалык ойлор жөнүндө сөз кылып, бул чакан макалада Жусуп Баласагындын “Куттуу билим” чыгармасы, андагы таалим-тарбия жөнүндөгү асыл ойлорду жана алардын бүгүнкү күндө дагы өтө баалуу экендиги жөнүндө, ошондой эле элибиздин, маданиятыбыздын, философиябыздын, тилибиздин, педагогикабыздын тарыхы жөнүндө баяндамакчыбыз. Жусуп Баласагындын “Кут билим” чыгармасы терең мазмундуу дидактикалык поэма. Бул түрк тилдүү ата-бабаларыбыздын жашоосу, турмуш-тиричилиги, чарбасы, билимдери, көз караштары, үрп-адаттары, салт-санаалары, материалдык жана руханий маданияты көрсөтүлгөн. Ж.Баласагындын таалим тарбия маселесине өтө жакшы көңүл буруп, кеңири токтолгонуна “Куттуу билим” күбөлүк берет. Акыл эсти жана билимди жогору баалаган чыгарма.*

***Негизги сөздөр:*** *Куттуу билим, тарбия, билим, окуу, инсан, макал-лакаптар, оозеки чыгармалар.*

*В статье говорится о воспитании молодого поколения и вопросов языка, мысли о науке и знании, о значимости по настоящее время произведения Жусупа Баласагына “Благодатное знание”. Говоря о педагогических идеях в творчестве Жусупа Баласагына «Куттуу Билим», в этой короткой статье работа Жусупа Баласагына «Куттуу Билим» рассказывает о благородных идеях об образовании и их ценности сегодня, а также о наших людях, культуре, философии, языке, мы расскажем об истории нашей педагогики. Произведение Жусупа Баласагына «Кут Билим» - глубокое дидактическое стихотворение. Он отражает жизнь, быт, экономику, знания, взгляды, обычаи, традиции, материальную и духовную культуру наших тюркоязычных предков. «Куттуу Билим» свидетельствует о том, что Ж. Баласагын уделяет большое внимание вопросам образования. Работа, которая ценит интеллект и знания.*

***Ключевые слова:*** *Благодатное знание, воспитание, знание, учеба, личность, пословицы, народное творчество.*

*The article refers to the education of the young generation and language, the idea of science and knowledge about the importance of the present time works Zhusup Balasagyn "Beneficial knowledge". Speaking about pedagogical ideas in the work of Zhusup Balasagyn “Kuttuu Bilim”, in this short article the work of Zhusup Balasagyn “Kuttuu Bilim” talks about noble ideas about education and their values today, as well as about our people, culture, philosophy, language, we will talk about the history of our pedagogy. The work of Zhusup Balasagyn “Kut Bilim” is a deep didactic poem. It reflects the life, life, economy, knowledge, views, customs, traditions, material and spiritual culture of our Turkic-speaking ancestors. “Kuttuu Bilim” testifies that J. Balasagyn pays great attention to educational issues. A job that appreciates intelligence and knowledge.*

***Key words:*** *Blessed knowledge, education, knowledge, study, personality, proverbs, folk art.*

Бизге чейин жашап өткөндөрдүн өмүр кечирмелерин, турмуш жолун, калтырган мурастарын үйрөнүү, ошолордон үлгү алуу, алардын насааттарын пайдалануу – кийинки муундар үчүн өтө зарыл экендиги талашсыз. Алдыга кадам басуу үчүн артка бир карап алуу зарыл, ошондо кантип баратканыңды сезип-туясың. Ошону менен бирге ата-бабаларыбыздын бизге калтырган бай мурасы, насааттары, турмуш тажрыйбалары, билими, таалим-тарбиясы үлгү катары жаш муунга берилет. Уккан эстен чыгат, ал эми жазган кылымдарга калат жана өткөндү билүүдө билим булагы болуп калат. Тарыхый мурастарды кийинки муундарга калтырууда зирек, зээндүү адамдардын ролу баа жеткис экендигин белгилеп кетмекчибиз.

Элибиздин, маданиятыбыздын, философиябыздын, тилибиздин, педагогикабыздын тарыхын жетектеген Жусуп Баласагындын “Куттуу билим” чыгармасындагы педагогикалык ойлор жөнүндө сөз кылып, бул чакан макалада Жусуп Баласагындын “Куттуу

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



билим” чыгармасы, андагы элдик педагогикалык көз караштарды, таалим-тарбия жөнүндөгү асыл ойлорду жана алардын бүгүнкү күндө дагы өтө баалуу экендиги жөнүндө токтолмокчубуз.

Белгилүү болгондой Жусуп Баласагындын 1000 жылдыгы 2016-жылда белгиленгендиги дагы абдан жакшы көрүнүш деп эсептейбиз. Жаш муундарды тарбиялоодо ата-бабаларыбыз басып өткөн жолун, бир сөз менен айтканда тарыхыбызды жакшы билбестен, жакшы иликтөө жүргүзбөстөн келечекти көрүү мүмкүн эмес.

Жусуп Баласагындын 1021-жылы (кээ бир маалыматтарга караганда 1015-1016-жылдары) туулган. Анын бизге жеткен эң мыкты чыгармасы “Кутадгу билиг” (кыргызча Куттуу билим”, “Кут алчу билим”, ж.б. деп жүрөбүз).Бул чыгарма тээ байыркы Мисирде (Египетте), Индияда колдонулган, андан арабий, форсий тилдерде кеңири таралган насатнаама формасында жазылып,адам коомундагы акыл-эстин күчүн, билимдин пайдасын, илимдин маанызын даңазалоого багытталган.

Мааалыматтарга караганда акын акыл нускалуу поэмасын эл ортонуна келгенде жаза баштаган. Аны 1069-жылы Кашкар калаасынын өкүмдары Арыстан хандын небереси Али-Хасандын уулу Караханга тартуу кылат. Бул сыйга ыразы болуп ал Жусуп мырзаны сарай кызматына алып Хос Хожиб мансабын ыйгарат. Жусуп Хос хожиб деп ошондон кийин аташкан. Азыр да Чыгыш элдери Хос Хожиб дегенде ал кишини билет.

Түрк элдеринин элдик салттары, алардын ичинде тарбиялоо салттары ар тараптуу берилген жана ал ойлор баарлашуу, санаттоо, насаттоо формасында жазылган. Эчен кылым өтсө да бул мурас эскирбей, анда айтылгандар күнү бүгүнкүсүндөй жаңы бойдон турары, айрым ойлору үй-тиричилик буюмдарына, имараттарга коздолуп жазылып келингендиги да андагы педагогикалык ойлордун элдик таалим-тарбиялык салттар мненен айкалыша тургандыгы менен түшүндүрүлөт.

Куттуу билим дастаны орто кылымдарда накта түрк тилинде жазылгандыгы менен да кызыктуу. Мындагы негизги күч – сөз күчү, ал алтындан да кымбат, анткени ал кылымдар өтсө да эскирбейт. Китеп туруш-турпаты менен акыл айтуулардан, насааттардан куралган [1, 126-131-бб.].

Жусуп Баласагындын (Юсуф Хос Хожиб) “Кутадгу билиг” деген чыгармасы бүтүн түрк элдеринин тарыхында чоң окуя болгондугу талашсыз. Ошол китеп XI кылымда Кашкарда өкүмдарлык кылган Табгач-Богра Кара-Хакан-Абу Али Хасанга арнап жазылат жана ал жалаң таалим-тарбия берүү насааттарынан турат. Эмгектин ушундай баалуулугун эске алып, аны жазган кишиге өкүмдар Хос Хожиб-улуу хандын чоң (башкы) кеңешчиси деген мансап-наам берет [2, 583-б.].

Жусуп Баласагындын “Кутадгу билиги (Кут билим)” терең мазмундуу дидактикалык поэма. Бул эстеликте түрк тилдүү ата-бабаларыбыздын жашоосу, турмуш-тиричилиги, чарбасы, билимдери, көз караштары, үрп-адаттары, салт-санаалары, материалдык жана руханий маданияты көрсөтүлгөн. «Куттуу билимде» автордун сөзү боюнча, жалпы адамзаттык баалуулуктарды түзүүчү төрт улуу түшүнүк бириктирилген: чынчылдык, акыйкаттык, айкөлдүк, каниет. Күнтууду-Адилет, Айтолду-ырыс, дөөлөт, Акдилмиш чындык, акылмандык, Өткүрмүш-Каниет.

Адилет касиетине жетүүнүн өзү зор жоопкерчилик, ал үчүн жогорку сапаттар менен бирге акылдуулук, илимдүүлүк, билимдүүлүк, сабырдуулук ж.б. касиеттер керек. Күн чыкты бардык жакшы сапаттарга эгедер болсо да бүткүл мамлекектти башкарууда кыйынчылыктарга туш болбой койбойт, убактысы да, чамасы да жетпейт. Ошондуктан, бийлик ээсине калыс жардамчы керектигин жарыя салат. Вазир Айтолдунун образы – дөөлөттүн символу. Дөөлөт – туруксуз, өзгөрүлмө, аны адам баласынын кармап калышы өтө кыйын, оор, ошентсе да адам башына конгон бак-дөөлөттү акылдуулук, билимдүүлүк менен токтотуп калса болот.

Кут бир келет – баксаң кетип калат,
Бак бир конот – үйлөсөң өчүп калат.
Бек кармасаң – ал качалбайт эч жакка,
Бир бошосо – кайра илинбейт тузакка.

Акындын оюн ээрчисек, дөөлөттү кармай турган касиеттер төмөнкүлөр: мүнөзү иши менен дал келүүсү, ынсаптуу болуу, улууну урматтоо, кичүүнү сыйлоо, кишини кордобоо, бой көтөрүп мактанбоо, текеберчилик кылбоо, ичимдик ичпөө, байлыкты максатсыз чачпоо. Антпесе, дөөлөт тоодогу жапайы кийик сыяктуу, жалт этип качып кетет.

Вазирди өкүмдар көп сыноодон кийин гана кызматка алып, ишенүү менен өлкөнү башкарууга кийлигиштирет. Айтолду өмүр аягына чейин бийлик ээсине адил кызмат өтөп, урмат-сыйга бөлөнөт.

Айтолду менен Күнчыктынын ортосунда - “Жакшы киши ким болот, кандай өзү, өзгөчөбү адамдан кулк-мүнөзү?” ,”Мага айтчы: адилеттик кандай өзү, адамзат аны менен мыкты дечи!” “Жакшы адамда болор бекен кемчилик, жамандар оңолобу өзү жүрүп?”

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



“Баары эле байлыгым көп болсо дешет, байлыкка эмне алпарат, кантип жетет?“, “Сен айттың азыр эле тил зыянын, айтчы эми, пайдасы барбы анын?” - деген толгон-токой суроолор коюлуп, жооптор философиялык ой жүгүртүүлөр мүнөздө берилет. Мисалы, төмөнкү ыр тизмектерин келтире кетели:

Пенде көп, бирок азыр адамдар аз,
Адилет адам азыр көп табылбас.
Жамандар жакшы менен дос болгондо,
Асманга теңелгени жакшы ошондо.
Бузук-жалган. Жаман да барган,
Эң жаман – жамандыкты кылган адам [7, 17-18-бб.].

– 1993-жылы Жусуп Баласагындын дидактикалык поэмасы байыркы түрк тилинен кыргыз тилине “Куттуу билим” деген ат менен которулган. (Б.Апышевдин жазышынча “Кут алчу билим” 1988-жылы Фрунзеде “Кыргызстан” басмаканасында которулган деп берилет).

Кыргызстандын маданий жана коомдук турмушунда бул чоң маданий жана педагогикалык ишмердүүлүктөгү окуя болгон [3, 130-б.]. Гуманизм (адамкерчилик) адилеттик, бакыт, каниет, бир сөз менен айтканда жалпы адамдык сапат, чыныгы инсан тарбиясы дүйнөнүн түзүлүшү, элдин турмушу жана тагдыры жөнүндө баяндоо менен, автор китепти эне тили болгон түрк тилинде жазгандыгына айрыкча көңүлдү бурган. Анткени ошол мезгилде араб, фарс-тажик тилиндеги чыгармаларды жазуу адат түсүнө кирген болсо да Ж.Баласагын эне тили – түрк тилинин кудреттүү тил экендигин, сөзгө бай тил экендигин далилдеп түрк тилинде жазып, аны төмөнкүдөй саптар менен берген:

Сен үчүн түркчө ырлар тартуу кылдым,
Окууда мага арнап дуба кылгын”.
Китеп көп араб, тажик тилдеринде,
Бул китеп эн биринчи биздин тилде:

Чындыгында эле чыгарманын өзүндө автор ачык эле кайсы тилде жазгандыгын так далилдөөдө:

Китепти окуй турган окурманым,
Көркүнө түрк сөзүнүн нак тунарсың,
Чыгыш жакта, жамы түрктүн элинде,
Буга тете китеп жок дейт эч кимде [7, 14-б.].

Кыргыз тилине мамлекеттик тил катары 1991-жылы статус берилген, бирок кыргыз тилинин түп тамыры түрк тили мамлекеттик тил (кыргыз тили) катары өнүгүү үчүн XI кылымда жашаган (1000 жыл мурун) бабабыз Ж.Баласагындын салымы өтө зор экендигин баса белгилегибиз келип турат.

Ж.Баласагындын таалим тарбия маселесине өтө жакшы көңүл буруп, кеңири токтолгонуна “Куттуу билим” күбөлүк берет. Акыл эсти жана билимди жогорку баалаган, адамды барктоого, анын коомдогу ролун, ордун аныктоого, адамдын баркын баалоого аракеттенген, анткени бул жарык дүйнөгө келген адам өзүн коомго, элге, үй-бүлөгө, балдарына зарыл болгон керектүү адам катары сезиши керектигин жазып калтырган.

Ал билим жөнүндө:
Билим берди – адамзат улуу болду,
Окуу менен көп ачты сырдуу жолду.
Кудайым акыл, билим кимге берсе,
Ак жолун ачып турар миң-сан эсе.
Билим менен эмгек ишти бүткөрөт,
Илим бекти муратына жеткирет.
Билимдүүгө окуу, кийим, аш болот,
Билимсиздер ушак менен дос болот.

Ж.Баласагын бабабыздын жогоруда келтирилген саптары XI кылымда жазылган болсо да, XXI кылымда, азыркы мезгилде дагы өз кубатын жоготпогон, эң салмактуу ой-пикир боюнча кала берет. Бабабыздын бул кымбатуу саптары ар бир окуу жайдын дубалдарынан орун алууга тийиш.

Ошондой эле билим китепте төмөнкүдөй саптар менен даңкталат:

“Окуу-түндө, алдындагы шамчырак, билим алсаң мындай чырак жаркырап, “Окуу гана жарык чачат дүйнөгө“, “Илим-билим алган адам акыйкат”, “Билим – байлык”, “Акыл, билим окшош болот кишиге”, “Илимдүүгө окуу жолдош, бир тууган”, “Окуу болсо – билим үчүн жол салат”, “Билим болсо – иштин көзүн ал табат”, “Илимдүү илимдүүнү тааный билет, акылдуу акыл баркын баалап жүрөт”, “Окугандар акылдуу – акыл курап, Билимдүү ойдогусун кабыл кылат”. “Окуу, билим көп нерсеге жеткирет”, “Акылдуу, илимдүүлөр – асыл жандар”, билим болсо – жан кыйышпас дос саган, илим болсо-кесиптешиң, кошунаң. Билим жана акыл-эс аркылуу бакытка жетүү маселеси чыгарманын өзөгүн түзөт. Мына ушундан ал “Куттуу билим” деп аталган.

Акыл ар бир адамга берилет, - дейт Ж.Баласагын, бул табияттын белеги. Ал эсти машыктырбаса, билим албаса, илимге умтулбаса, акыл-эс өнүкпөйт.” Ошондуктан философ жана ойчул педагог Ж.Баласагын төмөнкүлөрдү айтат: ”Балаңды жаштайынан билимге үйрөт, билимдүүнүн колунан баары келет,” кимде-ким окуй билсе олжо табаар, кимде-ким билим алса бек аталар”, “Сокур дешет билимсизди – жөн дебе, окуу гана жарык чачат дүйнөгө”.

Илимпоз-ойчул ушинтип адамдын рухий байлыгы – түбөлүктүү, окутуу жана тарбия берүү, акыл ай-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



туу жана нускоо аркылуу ал муунга берилет деп көрсөтөт.

Чынында, түрк маданиятынын көрүнүктүү эстелиги – акыл-эстин жана билимдин китеби “Куттуу билим” – өз мезгилинин педагогикалык энциклопедиялык, анын тарбиялык касиети азыркы күндө да абдан күчтүү [2, 132-б.]. Элдик педагогиканын, бизге чейин жазуу түрүндө жетип келүүдө элден чыккан даанышмандардын таалим-тарбия жөнүндөгү залкар ойлоруна ширелишкен калайык калктын педагогикалык иш тажрыйбасынын жана ой мүдөөсүнүн кенчи болуп калган элдик педагогика таасирдүү таалим-тарбиянын жибек учугун укумдан тукумга тынымсыз улап олтуруп биздин күнгө чейин жеткиргендигине акылман акын, ойчул педагог бабабыз Жусуп Баласагын “Кут алчуу билим” (Фрунзе, ”Кыргызстан”, 1988) дастаны эң сонун далил.

Педагог бабабыз Жусуп Баласагын окурмандарга кайрылып:

“Жалаң, акыл-насаат сөздөн түзүлгөн, шуру сымал жибек жипке тизилген” деп китептин мазмунун элдик педагогикалык казынасынан алгандыгын, ал казына түгөнбөс кенч экендигин, ал кенчти элге жеткизүүнүн каражаты жандуу, элестүү учкул сөздөр жана аны жеткизүүчүлөр элден чыккан сөз чеберлери экендигин көрсөтүп:

“Китепти окуй турган окурманым,<br>
Көркүнө түрк сөзүнүн нак тунарсың.<br>
Эсте тут, бул китепти жазган адам,<br>
Атактуу, шыпаа, сөзмөр болгон абдан” - дейт.

Дастандагы тарбия-таалимдин элдик салттарды жаш муундарды турмушка даярдап, эмгекчил элдин чыныгы инсандык касиети жөнүндөгү идеалын ишке ашыруудагы ата-энелер, тарбиячылар үчүн күчтүү каражатка айланууга тийиш. Дастанды кунт коюп, ыхлас, ынтаа менен уккан инсан өзүнүн жан дүйнөсүнө жакшылыктын үрөнүн өндүрөт:

Бир мисал:

“Билимдүү аз, эң арбын билимсиздер,<br>
Акмактар көп, эң эле аз илимдүүлөр.<br>
Наадан көрбөйт, сокур анда көкүрөк,<br>
Ач көзүңдү билимге умтул тезирээк.”

Жусуп Баласагын бабабыз инсандагы асыл сапаттарды жетиштирүүнүн эң негизги каражаты окуу, билим, илим экендиги элди ынандырып, малга, акчага жардылык эмес, рухий жардылык адамды кемсинтип, жан дүйнөсүн жардылантып, наадандык касиетке ээ кылып, катардан чыгараарын эскертет.

Жусуп Баласагын инсандагы асыл касиетти чырайына чыгарып, анын ой-сезимин ойготуп, жан дүйнөсүн байыткан эң күчтүү курал катары эне тилин эсептеген. Эне тилин терең үйрөнүп, байытып элге жугумдуу, жагымдуу ширин сөздү таруудай чубурткан адам элдин урмат сыйына ээ, ал касиеттүү инсан. Кылымдар бою калкыбыз жакшылыктын уюткусу-билим, илим, накыл сөздү даңазалап, кутту көксөп келгенине Ж.Баласагындын төмөндөгү саптары күбөлүк берет:

“Кары сөзүн айтылган капка сакта,<br>
Кары сөзү алтында сырын ачса.<br>
Кут бир келет бакпасаң кетип калат,<br>
Бак бир конот, үйлөсөң учуп кетет” [4, 37-б.].

Ошондой эле сөздүн өз ордуна коюп адамдарга урмат сый менен кайрылуу керектигин айтат:

Оройбу сага бирөө болгун сылык,<br>
Жаман сөзгө-жакшы сөз айткын мурун.

же:

“Сиз” десе сени бирөө, сенда “Сиз” де,<br>
А түгүл андан жакшы сылык сүйлө [5, 46-б.].

- деген саптары ачык күбөлүк боло алат.

Инсандагы зоболонун бийиктиги окугандыкта, билимдүүлүктө экендигин, Кут китеби айткандай, элибиздин тилегин, мүдөөсүн чагылдырган, акылойдун каймагы-оозеки сакталып келген макал-лакаптар айгинелейт: “Кары сөзүн капка сал”, “Билеги күчтүү бирди жыгат, билими күчтүү миңди жыгат”. Билимдүүлүктү жана жан-дүйнөнүн байлыгын инсандагы жакшылыктын бардык касиетин өзүнө даана камтыган бакыт катары эсептеп, Ж.Баласагын төмөнкүчө жазат:

“Төрдөн орун тийген болсо нааданга,<br>
Улагада калганыңа арданба.<br>
Акылман улагада болсо эгер,<br>
Анда убал ардактуу деп биле бер” - деп, адамдын ким экендигин анын ээлеген орду, аткарган кызматы аныктабайт. Адамды байлык, бийлик көркүнө чыгарбайт. Инсандын касиети – анын акылында. Акылды өстүрүүнүн каражаты көп окуу, эмгек экендигине элди жандандырып, өзүнүн залкар педагогикалык идеяларын элдин тарбиялык тажрыйбасы менен тастыктап, өлбөс-өчпөс педагогикалык мурасты Жусуп Баласагын бабабыз бизге белек кылып калтырган. Андагы педагогикалык тунук акылды талдап түшүнүп, элге тартуулоо чоң патриот, дилгир окумуштууну талап кылат.

Жусуп Баласагындын “Куттуу билим” китебинен орун алган уул-кыздарды тарбиялоо боюнча айткан пикири, азырда өз салмагын жоготкон эмес:

Тарбиячы киши так, пейли кенен,<br>
Уул-кызың дени сак өсөт экен.<br>
Билим берип адептүү тарбияла,

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Эки дүйно бактылуу болот анда.
Уулдарга үйрөткүн жакшы сапат,
Жакшы уул байлык да, бакыт табат.
Тескеп тур, уул ишсиз бош калбасын,
Бош болсо-текке кетер өмүрү чын.
Бала өссө ар кыл, түркүн таалим алып,
Ата-эненин андайда жүзү жарык.
А уулуң өскөн болсо эрке-талтаң,
Үмүт үз, киши чыкпайт андайлардан.
Уулум толсун десең акыл-эске,
Билим бер, жаштайынан көндүр ишке.
Эрке өстүбү уул-кыз, жаман адат,
Өмүр бою кайгыда жашың агат.
Таалим берип өстүрсөң уул-кызды,
Арылтасың кырсыктан асыл башты.
Балдарды жакшы карма таалим менен,
Анда ата ар кырсыктан алыс экен.
Уул-кыз жашында алса өнөр күрөп,
Унутпай өмүр бою алып жүрөт [5, 88-б.].

Куттуу билим тарбиянын бардык жагын камтыган. Бир кичи макалада кенири токтолууга мүмкүнчүлүк болбойт. Ошого байланыштуу биз кээ бир маселелерге гана токтолдук.

Жыйынтыктап айтканда, Ж.Баласагындын "Куттуу билим" чыгармасы өз аты менен-куттуу билим, тарбия, философиялык ойлор менен сугарылган. Миң жыл мурун жазып калтырылган бул чыгарма бүгүнкү күндө да өз баалуулугун жоготкон жок. Азыркы мезгилде да тарбиялык сааттарда, класста, класстан сырткары иштерде, мектептен сырткары иштерде, бардык тарбиялык иш-чараларда толугу менен пайдаланып, жаш муундарда жалпы инсандык сапаттарды калыптандырып келүүдө.

**Адабияттар:**


1. Муратов А., Акматов К., Тажиева Б. "Кыргыз этнопедагогикасы". - Бишкек, 2018-ж. - 126-131-бб.
2. Муратов А. "Кыргыз эл педагогикасы: табияты, таралышы жана тарыхы". - Бишкек, 2011-ж. - 583-б.
3. Рахимова М.Р. ж.б "Педагогикалык ойлордун жана билим берүүнүн тарыхы. - Б., 2002-ж. - 130-б.
4. Апышев Б. "Педагогика". - Б., 2002-ж. - 37-б.
5. Жусуп Баласагын "Куттуу билим". - Б., 2015. - 46-б.
6. Абдуллаев Р., Камбаров А. Куттуу билим – тарбиялоонун булагы. / Журнал "Известия вузов Кыргызстана", №10. - Б., 2016. - 119-121-бб.
7. Акматалиев А. "Жусуп Баласагындын "Куттуу билим "-жазма адабиятыбыздын баалуу мурасы" Жусуп Баласагындын "Куттуу билими" – X-XI кылымдардагы Борбордук Азиядагы мусулмандык кайра жаралуунун күзгүсү. - Б., 2016-ж. - 14-б.
8. Муратов А., Акматов К., Тажикова Б. "Кыргыз этнопедагогикасы". - Б., 2018-жыл.